№16 Н.Кайназаров атындагы орто мектебинде жалпы ата-энелердин кезексиз чогулушунун

**№2** ПРОТОКОЛУ

23.12.2022-ж

Төрагасы: Т. Айдаркулов.

Катчысы: А.Токторбаева.

КҮН ТАРТИБИ:

Каралуучу масалелер:

Чогулуштун ачылышы, президиум менен тааныштыруу.

1. Директордун докладдык каты, 2023-жылга пландалган иштер жана аларды аткарууга талап кылынган бюджеттин сметалары менен тааныштыруу

2. Камкордук кенештин төрагасынын докладдык каты.

3. Ак-Жар Айыл өкмөтүнүн башчысы К. Максутов «Окуучулардын билим сапатын жогорулатууда мектептин материалдык базасын көтөрүүнүн ролу жана үч тараптуу « Мектеп жамааты,камкордук кенеш жана ата-энелер, жергиликтүү оз алдынча башкаруу (Айыл Өкмөтү) органдарынын кызматташуусу» боюнча баяндамасы.

4. Райондук билим беруу болумунун башчысынын сөзү.

5. Участкалык милиция Бекжан Муминовдун элге кайрылуусу.

6. Айыл өкмөттүн соц.адиси Салибек Мурзамаматовдун сөзү.

8. Электорондук журнал жана күндөлүк боюнча Bal.kg компаниясынын өкүлүнүн сөзү

Чогулуштун жүрүшү:

1. **Мектеп жетекчисинин докладдык каты.**

Мектеп жетекчиси Айдаркулов чогулушка келген ата –энелерге ыраазычылык билдирип, келген меймандар менен тааныштырды. Келген коноктор менен ата-энелерге чогулуштун максаты жана жүрүшү менен тааныштырды.

Мектеп жонундо жалпы маалымат айтылды (мугалимдер жана окуучулар жөнүндө)

Мектепке келген жаны техникалар жонундо маалымат берилди.

Мектептеги билим сапатын көтөрүү багытында ар кандай иш чаралар өткөрүлдү жана өткөрулүп жатат. Мисалы : “Бирге окуйбуз” аттуу китеп окуу конкурсу өткөрүлдү. Алдыда “Окуйбуз,жазабыз,эсептейбиз” конкурсу жүрүп жатат.

Көмөкчү чарба тууралуу да маалымат айтылды.

**2. Камкордук кенештин төрагасынын сөзү**

Камкордук кенештин жыйынтыктары боюнча камкордук кенештин төрагасы Т.Ибраимов сөз сүйлөдү жана камкордук кенештин азыркы абалы тууралуу

Сканировано с CamScanner

маалымат берилди. Камкордук кенеш үчүн ата-энелер тарабынан чогулган каражат 2022-жыл үчүн толук төлөнүп бүтө электиги айтылды.

Камордук кенештин азыркы учурдагы фонду 22 000 сомду түзөт. Ал эми 2023-жыл үчүн 300 сомдон ар бир үй бүлө төгө тургандыгы маалым болду.

**3. Күн тартиби боюнча Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы К. Максүтовго сөз берилди.**

Айыл өкмөтүнүн башчысы өз сөзүндө – максат окуучуларды заманбап техникалык каражаттары менен камсыздап, билим сапатын өстүрүү, шарт түзүп берүү. Илгеркиче же салттуу сабак өнүкпөйт. Максатты туура коюу керек. Эмне себептен биз алдыга жыла албайбыз? Себеби, бизде шарт жок. Шартты биз түзүп берели, мугалимдер иштешсин. Заманбап материалдык техникалык каражаттар менен сабак өтүү зарыл. Ата-энелер дагы көзөмөлдөй алат. Ушундай акыбалда жүрсөк, он жылдан кийин дагы ушул эле боюнча калат. Ойлоп табуучуларды өстүрүү керек. Мектептерге камера коюлушу керек. Камера коюлса, тартип өзү сакталып, контроль күчөп, мугалим дагы сабагын изденип өтөт. Электронный журналга өтөлү. Жалпылап айтсам, мугалимге шартты биз жана сиз тузүп берүүбүз керек. Ата-энелер касса, отуруштарга, тойлорго барып канча каражат жумшалат. Ошол жактарга сарптаган акчаларын балдардын билимине сарптоо зарыл.

Ата-эне бала менен сырдаш болуу керек. Маданияты, билими жок эл эч качан өнүкпөйт.

Камкордук кенешке ишеним артуу керек.

**4. Өзгөн РайББ башчысы Акуш Жаныбаевич сөз сүйлөдү.**

Мугалимдердин кадыр-баркы көтөрүлдү, мугалимдерди мактап жатасыздар бул өтө жакшы.

Өзгөн районунда бир дагы алтын тамга алган эмес. Өзгөн району билим сапаты боюнча Ош облусундагы эн акыркы орунда турат. Андыктан сабак жакшы болушу зарыл.

Шаар балдарындай билим алып, билим денгээлдери бирдей болушу керек.

Шартты түзүү керек. Интерактивдүү доска болуу зарыл. Мугалим окуучудан жогору болушу үчүн, заманбап техникалык каражаттар менен камсыз болуш керек.

Электрондук күндөлүк, электрондук журнал жана окуучуларда чип болушу зарыл.Бул баланы үч тараптан көзөмөлдөөгө жакшы мүмкүнчүлүк. Ысык тамак уюштуруу зарыл, аткени анын баланын билим алуусуна аябай пайдасы тиет. Себеби 3км алыстан келген бала ачка болот, сабакты кабыл алуусу кыйын болот. Айыл Өкмөт, эл ушул маселенин чечилишине көмөк көрсөтсүн белгилеп өттү. Олимпиададан эмнеге чыкпайт,себеби кошумча кружоктордун жоктугунан.

Салыштырып айта кетчүү нерсе – бул Ноокатта 76 мектеп ыссык тамак ичишет, ал эми Өзгөндө 30 гана мектеп.

Ноокат билим сапаты боюнча 1-орунда тура тургандыгын жана биз да аракет жасасак ошондой болоорун айтып өттү.

Сканировано с CamScanner

**5. Bal.kg компаниясынын жетекчиси Бактыбек мырзанын сөзү.**

Бактыбек мырза өз сөзүндө информатика жана математика мугалими болуп иштегендигин белгилеп өттү.

Коопсуз мектеп долбоору боюнча иштеп жаткандыгын айтты. Бул программа менен иштөөдө ата-эне менен мугалим тыгыз байланышта болот. Чипке чоочун адамдын сүрөтү сакталат, баа коюу женил болот.эки гана кнопка иштелет. Максатыбыз балага көнүл буруу. Кирген жана чыккан убактысын баамдап туруу.

Ал эми бул кызмат үчүн төлөм - ар бир окуучуга 120с. Окуучу 200 сом төлөсө, ал 11-класска чейин кайра бербейт.

Сөзүнүн акырында ата-энелерге кайрылып, камкордук кенештин взносу 200 сом аз экендигин айтып, взносту аз дегенде 500 сомго жогррулатууну сунуш кылды.

**6. Ак-Жар айыл өкмөтүнүнүн соц.адиси Салибек Мурзамаматовдун сөзү.**

Соцадис сөз алып, тарбияны күчөтүп, кылмыштардын алдын алуу керек. Миграцияда жүргөн ата-энелердин балдарынын абалдары кандай? Кылмыштуулук менен жапа тырмак курөшсөк, кайдыгер болбой контролдосок жаман окуялар болбойт деп ойлойм- деп өз ойун билдирди.

**7. Участкалык милиция Бекжан Муминовдун ата-энелерге кайрылуусу.**

Бекжан Муминов Өзгөн районуна караштуу №62 кесиптик лицейде болуп өткөн 16 жаштагы баланын өлүмү тууралуу айтып өтүп ата-энелерге балдарын дайыма көзөмөлдө алып жүрүүсүн айтып, тарбияга катуу маани беришин суранды. Жогорудагыга окшогон окуялар кайталанбас үчүн баррыбыз аракет кылышыбыз керектигин баса белгиледи.

Балдарды улакка жөнөтүп жаткан учурлар болуп жаткандыгын да айтып өтүп, бул маселени да тыюу керектигин талап кылды.

Жогоруда каралган маселелердин негизинде жалпы ата-энелер чогулушу төмөндөгүдөй

**СУНУШ КЫЛАТ**

1. Директордун докладдык катынын негизинде мектептин материалдык техникалык базасын жакшыртууга жана жылуулук берүү от казанын жанылоого 2023-жылга карата 460 398 сом өлчөмүндө бюджет карап берүү жагы жергиликтуу бийлик тарабына сунушталды.
2. Айыл Өкмөтүнүн башчысы К. Максутовдун элге кайрылуусунун негизинде мектеп окуучуларынын билим сапатын жакшыртуу үчүн ата-энелер тарабынан, жергиликтүү бийлик органдары тарабынан мектептин материалдык техникалык базасын жакшыртууга көмөк көрсөтүлсүн.
3. Участкалык милициянын жана айыл өкмөтүнүн соцадисинин кайрылуусу эске алынып, балдардын жүрүм-туруму, кылмыштуулукту болтурбоонун

Сканировано с CamScanner

алдын алуу, улакка жөнөтпөө жоопкерчилиги ата-энелерге милдеттендирүү жагы сунушталсын

4. Bal.kg коопсуз мектеп долбоорунун өкүлүнүн мектепти электрондук журнал жана электрондук күндөлүк колдонуу тартибине өтүү сунушун карап чыгуу жагы мектеп жетекчилигине сунушталды.

Ата-энелер чогулушунун төрагасы, мектеп директору: Т. Айдаркулов

Катчысы: А. Токторбаева

Сканировано с CamScanner